## Дүйнөлүк азык-түлүк рыногу

### Дүйнөлүк азык-түлүк рыногу

2013-жылдын февраль айынын экинчи жарымында жана март айынын биринчи жарымында дүйнөлүк азык-түлүк рыногунда буудайга баанын төмөндөө тенденциясы сакталып турган, буга 2013-жылы буудайды күздүк жана жаздык себүүнүн абалы боюнча оң маалыматтар өбөлгө түзгөн.

2013-жылы буудайды дүйнөлүк өндүрүү боюнча алгылыктуу болжолдоолор, азыркы учурдан тартып эле 2013-жылдын июль айында түштүк-чыгыш Азия өлкөлөрүнө тоннасына болжолу менен 300 АКШ долларында Кара деңизден алынып келинген буудай сунушу менен камсыздоодо, ал эми ушул сыяктуу индия буудайына тоннасына 315-320 АКШ долларында баа берилген. Мисалы, тез арада жеткирилүүчү мындай регион үчүн буудайдын учурдагы деңгээли тоннасына болжолу менен 320 долларын, ал эми Россияда буудайдын баасы тоннасына 370 долларды түзөт.

**1-сүрөт.** 2012 жылдын азык-түлүк товарларына болгон баанын динамикасы
*(тоннасына АКШ доллары менен)*




2013-жылдын февраль айында ФАОнун азык-түлүк баа индексинин орточо мааниси январь айындагы көрсөткүчкө салыштырганда өзгөрүүсүз түптөлүп, 210 пунктту түзгөн, бирок ошол эле учурда ал өткөн жылдагы тиешелүү мезгилге салыштырганда беш пунктка (2,5 пайызга) кыскарган. 2012-жылдын ноябрь айынан тартып индекстин орточо мааниси 210 – 212 пункт ортосунда өзгөрүп турууда, анткени сүт азыктарына жана өсүмдүк майларына, тоң майларга баанын өсүшү дан эгинине жана кантка баалардын кыскаруусу менен олуттуу деңгээлде компенсацияланган. Ушул мезгил аралыгында этке баа бүтүндөй алганда, туруктуу сакталып турган. 2013-жылдын февраль айында сүт азыктарына, өсүмдүк майларына жана тоң майларга баа кыйла өскөн, ошол эле мезгилде буудайга жана өзгөчө кантка баа төмөндөгөн.

### Буудай

2013-жылдын февраль айынын акырына Буудай боюнча эл аралык кеңеш (IGC) кезектеги дүйнөлүк буудай рыногунун абалы боюнча отчетун жарыялаган. IGC 2012-13-маркетингдик жылга (МЖ) буудай өндүрүү болжолдоолорун 3 млн. тоннага, б.а. 1 777 - 1 780 тоннага чейин көбөйткөн, бул өткөн жылдагы деңгээлден 71 млн. тоннага аз. Болжолдоолордо дүйнөлүк соода деңгээли дан эгинине 1 млн. тонна, б.а.

255 - 256 млн. тоннага чейин көбөйгөн, ал эми керектөө 2 млн. тоннага же 1822 до 1820 млн. тоннага чейин азайган. Натыйжада, түпкү өтмө запастар 4 млн. тоннага же 322 - 326 млн. тоннага көбөйтүлгөн. Мында, азыркы мезгилде запастар болжолдоосу дале өткөн мезгилдегиден 40 млн. тоннага азыраак түптөлүп, акыркы 5 жыл ичинде эң төмөн көрсөткүч болуп саналат.

Акыркы 2 жума ичинде АКШда кар калың түшкөндүктөн, жер кыртышы буудай үчүн жетиштүү нымдуулук менен камсыздалган, бирок ошого карабастан мындай нымдуулук АКШнын дан эгинин өстүрүүчү абдан ысык региондорунда кургакчылык деңгээлин төмөндөтүү үчүн гана жетиштүү болгон, ал эми нымдуулук деңгээлин жетиштүү деңгээлге келтирүү үчүн ал аздык кылат. 15 күнгө болжолдоолордөн көрүнгөндөй, Оклахома жана Техас штаттарында нымдуулук деңгээли орточодон төмөн күтүлүүдө.

*Буудайга жана жүгөрүгө дүйнөлүк баа динамикалары тиркемелердеги 1 жана 2-графиктерде чагылдырылган.*

***Россия***

Россиянын дан эгини рыногундагы жагдай белгисиз бойдон калууда. Анын эң негизги себебинен болуп, так болжолдоолордун жана жаңы түшүм келечегинин начардыгы менен байланыштуу, бул өкмөттү дан эгини рыногунда өз тактикасын алмаштыруусуна мажбурлаган. Бирок бизге белгилүү болгондой, бул сезондун акырына жана жаңы түшүм алганга чейин Россия данды импорттоону, ошондой эле дан сатуу интервенцияларын улантат. Россия Федерациясынын Айыл чарба министрлигинин баа берүүлөрү боюнча, 2013-жылдын июль айына карата, б.а. 2012-13 МЖ акырына инвервенциялык фонддогу дандын бүтүндөй көлөмү сатылып кетиши мүмкүн жана бажы алымдарын жокко чыгаруу зарылчылыгы да болбошу мүмкүн. Аны жокко чыгаруу үчүн акыркы чечимди Евразия экономикалык комиссиясы кабыл алат. Ал эми алар бул чараны аз натыйжа берген жана кесепеттүү чара деп эсептешүүдө.

Учурда Россия Федерациясында талкууга алынып жаткан, данды Бажы союзуна импорттоого алымдарды убактылуу жокко чыгаруу, 2013-14 МЖ аралыгында айыл чарба рыногуна кесепетин тийгизиши ыктымал деген пикирин Евразия экономикалык комиссиясынын (ЕЭК) соода боюнча министринин сөзүнө таянуу менен «Новости» РМА билдирди. Комиссиянын министри, жогоруда аталган комиссияга Россия тарап азырынча данга алымдарды алып салуу менен кайрылбагандыгын маалымдаган.

Россия Федерациясынын Айыл чарба министрлигинин болжолдоолору боюнча келерки жылы айыл чарба түшүм алуу көлөмү 95 млн. тонна чегинде күтүлүүдө, ал эми тагыраак маалыматты министрлик 2013-жылдын 23-30-мартында Гидрометтен узак мөөнөткө каралган агрометеорологиялык болжолдоолорду алгандан кийин гана бере алат.

***Казахстан***

Эксперттердин пикири боюнча Казакстан дан эгини рыногунда мындан аркы окуялардын өнүгүшү эки сценарийге ээ жана алар Россиядан көз каранды экендигин «Казах Зерно» МА билдирген.

Эгерде, Россияда орун алган буудайга тартыштык өз каражаттарынын эсебинен же болбосо бирөөнүн, бирок Казакстандын катышуусусуз көмөктөшүүсү аркылуу камсыздалса, анда бул өлкөдө буудайга баа 2013-жылдын апрель айына же айдоо иштеринин башталышында эле 38 миң тенгеге чейин нарксыздашы мүмкүн.

Ал эми эгерде Россияда буудайга суроо-талап, Казакстан ресурстарынын жардамы менен канааттандырылса, Казакстан дан эгини

учурдагы төмөндөөнү жеңип чыгып, айдоо иштери башталганга чейин тоннасына 44-45 миң тенге деңгээлине кайтып келет.

Кандай болсо да, Казакстандын экспорттук потенциалы келе жаткан эки-үч ай ичинде жүзөгө ашырылат. Казакстан Республикасынын Айыл чарба министрлигинин билдирүүсү боюнча, 2012-13 МЖ ичинде анын экспорттук потенциалы – 8 млн. тонн дан эгини, ошол эле учурда министрликтин маалыматы боюнча 2013-жылдын февраль айынын башына 4,4 млн. тонна дан эгини экспорттолгон эле. Март айынын башына экспорттолгон дан эгининин көлөмү, болжолу менен 5,0 млн. тоннаны түзсө, дагы 3 млн. тонна калган, аны маркетингдик жыл аяктаганга чейинки төрт айга бөлсөк, ай сайын 750 миң тонна дан алабыз. Орточо алганда Казакстан бир мезгил ичинде 280 миң тонна буудай, 150 миң тоннага жакын ун жана 15 миң тоннага жакын арпа экспорттогон.

***Кыргызстан***

2013-жыл ичинде Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин болжолдоолору боюнча, 900 миң тонна буудай алууну пландаштырып жаткандыгын ведомствонун өкүлдөрүнүн маалыматына таянуу менен «Казах-Зерно» МА билдирүүдө. Пландаштырылган түшүм алуу көлөмү өткөн 2012-жылга караганда 359,5 миң тоннага (же 66,5 пайызга) көп. Дүң топтоонун өсүшү, дан эгинин айдоо аянттарын көбөйтүүдөн жана буудай түшүмдүүлүгүн 2012-жылдагы 16,6 ц/гадан – 2013-жылдагы 25,6 ц/гага чейин жогорулатуунун эсебинен күтүлүүдө.

Айыл чарба министрлиги, жазгы талаа иштерине даярдык өткөн жылдагыга караганда эртерээк башталгандыгын маалымдаган. Мындай маалыматка ылайык, айдоо иштери Баткен областында, Ош жана Жалал-Абад областтарында февраль айынын акырында башталган.

Учурда түптөлгөн жагдай жергиликтүү ун тартуу тармагына коркунуч туудурууда. Бүгүнкү күндө Кыргызстан рыногунда жергиликтүү ун өндүрүүчүлөр казак ун өндүрүүчүлөр менен атаандаша албайт, анткени казак ун өндүрүүчүлөрү үчүн буудай баасы субсидияланган, б.а. Казакстан Өкмөтү ун тартуу комбинаттары менен буудайды тоннасына 28 миң тенгеге (болжолу менен 185 АКШ доллары) сатып алуу меморандумуна кол койгон, сатып алуу планына ылайык 2012-жылдын август айынан тартып 2013-жылдын август айына чейин атайы баада 1,3 млн. тонна буудай сатылып алынат. Ошол эле учурда кыргыз ун өндүрүүчүлөрү казак буудайын тоннасына кеминде 300 АКШ долларына сатып алышууда.

2013-жылдын 5-мартына карата абал боюнча Луговая станциясынан (Казахстан-Кыргызстан) DAP шарттарында 3-класстагы ундун наркы 0,3 пайызга төмөндөп, тоннасына 339-355 АКШ долларын түзгөн.

**Таблица.** Луговая (Казакстан-Кыргызстан) станциясында буудайга баа динамикасы
*(тоннасына АКШ долл. менен)*

| **клейковина** | **27.10.2012** | **30.11.2012** | **16.01.2013** | **15.02.2013** | **05.03.2013** |
|---|---|---|---|---|---|
| 23-24 % | 340,0 | 349,0 | 343,0 | 346,0 | 339,0 |
| 27-30 % | 355,0 | 357,0 | 359,0 | 362,0 | 355,0 |

**Күн карама майы**

USDАнын март айындагы отчету боюнча, 2012-13-МЖ ичинде күн карама майына дүйнөлүк баланс бир аз гана өзгөргөн. Жаңы отчетто өндүрүүгө баа берүү февраль айындагы 13,81 млн. тоннадан 13,75 млн. тоннага чейин төмөндөө жагына өзгөртүлгөн.

Күн карама майын экспорттогон дүйнөнүн алдыңкы үч экспортеру да өзгөрүүсүз калган, ал эми дүйнөлүк рынок көлөмү (экспорттук потенциалы) январь айындагы баа берүүлөрдүн негизинде 6,2 млн. тоннага чейин жогорулатылган. Өткөн сезонго салыштырмалуу дүйнөлүк экспорт 200 миң тоннага азаят, анын жылдык төмөндөөсү сыяктуу эле бир аз калыбына келиши россиянын маалыматы менен байланыштуу.

Такталган маалыматтар боюнча 2012-13-МЖ ичинде Россия Федерациясы 800 эмес, 900 миң тонна күн карама майын экспорттой алат. Бул дале өткөн жылдагы жыйынтыктан 37 пайызга төмөн. Россиянын экспорттук мүмкүнчүлүктөрүнүн бир аз өсүшү күн карама майынын түшүмүн жана өлкө ичинде майды өндүрүүнүн 123 миң тоннага жогорулатуунун эсебинен жүргөн.

*Күн карама майына дүйнөлүк баа динамикасы тиркемеде келтирилген, 3-график*

**Кант**

Рыноктун аналитиктеринин пикири боюнча, кантка баа динамикасы өз туруктуулугун сактайт, жакын арада (2013-жылдын май-июнь айларында) суроо-талаптын сезондук өсүшүнүн алкагында, кантка баа бир аз өсүшү ыктымал (алкоголсуз суусундуктарды өндүрүү).

Мында кантка баа динамикасы, экинчи жарым жылдыкта кант кызылчасынын түшүмдүүлүк көлөмүнөн жана ушул мезгилдеги дүйнөлүк кант рыногундагы жагдайдан кыйла көз каранды болот. Эгерде, кызылча кантынын 4,0-4,5 млн. тонна өндүрүүгө мүмкүндүк берүүчү жакшы түшүм алынса жана дүйнөлүк баа жогору түптөлбөсө, 2013-жылдын күз мезгилинде кантка баа 2011 жана 2012-жылдагы «эң төмөн» деңгээлге чейин (350 АКШ долл. жакын) төмөндөшү мүмкүн.

*Кантка жана иштетилбеген кантка дүйнөлүк баа динамикасы тиркемеде келтирилген, 4-график*

**Таблица 1.** Азык-түлүк рыногу (2011/2012 маркетинг жылындагы өндүрүштү, керектөөнү, өтүүчү запастарды жана азык-түлүк товарларынын бааларын баалоонун айлык динамикасы)

| | *Өндүрүштү баалоо, млн. тонн* | *Өзгөрүү, % менен* | *Керектөөнү баалоо, млн. тонн* | *Өзгөрүү, % менен* | *Запастарды баалоо, млн. тонн* | *Өзгөрүү, % менен* | *Фьючерс бир тоннасы АКШ долл.* | *Өзгөрүү, % менен* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Дандар (дүйнө)** | 1 780,0 | +0,2 | 1 820,0 | -0,1 | 326,0 | +1,2 | 316,1 | -4,4 |
| **Буудай** | 655,5 | +0,3 | 673,7 | 0,0 | 178,2 | +0,8 | 343,9 | -1,6 |
| ***Кыргызстан*** | 0,7 | 0,0 | 1,3 | 0,0 | - | - | 355,0 | -1,9 |
| ***АКШ*** | 61,8 | 0,0 | 38,1 | 0,0 | 19,5 | +3,6 | 262,3 | -2,6 |
| ***Австралия*** | 22,0 | 0,0 | 6,8 | +7,9 | 5,8 | -8,0 | - | - |
| ***ЕС-27*** | 132,3 | +0,4 | 121,5 | 0,0 | 9,5 | -4,8 | 305,0 | -6,9 |
| ***Кытай*** | 120,6 | 0,0 | 123,0 | 0,0 | 55,7 | 0,4 | 413,5 | +3,7 |
| ***Россия*** | 37,7 | 0,0 | 34,0 | 0,0 | 5,6 | +0,3 | 372,3 | -1,5 |
| ***Казахстан*** | 9,8 | 0,0 | 6,8 | 0,0 | 11,4 | -16,6 | 355,0 | -1,9 |
| **Жүгөрү** | 854,1 | 0,0 | 867,8 | 0,0 | 117,5 | -0,5 | 283,7 | -5,3 |
| **Күрүч** | 468,1 | +0,5 | 470,2 | +0,2 | 103,3 | +1,3 | 320,8 | -6,4 |
| **Күн карама майы** | 13,8 | -0,4 | 13,4 | +0,7 | 2,4 | +4,8 | 1 266,9 | -4,1 |
| **Кант**[1] | 172,3 | 0,0 | 162,8 | 0,0 | 38,3 | 0,0 | 403,2 | +2,1 |

[1] АКШ айыл-чарба министрлигинин ноябрдагы баалоосу

**График 1. Буудайга болгон дүйнөлүк баалардын динамикасы, 01.05.12-19.03.13** *(бир тоннасы АКШ долл.)*




**График 2. Жүгөрүгө болгон дүйнөлүк баалардын динамикасы , 01.05.12-19.03.13** *(бир тоннасы АКШ долл.)*




**График 3. Күн карама майынын дүйнөлүк баасынын динамик., 01.05.12-19.03.13** *(бир тоннасы АКШ долл.)*




**График 4. Кумшекер жана кумшекер сырьесунун дүйнөлүк баасынын динамикасы, 01.05.12-19.03.13** *(бир тоннасы АКШ долл.)*

